# Насаатчылык жөнүндө жобо

**1.1. Насаатчылык** – бул насаатчынын төмөнкү адистерге кесиптик өсүш жагынан ар тараптуу жардам колдоо көрсөтүү ишмердиги.

- Педагогикалык билими болсо да, билим берүү мекемелеринде педагог катары иштеген эмгек тажрыйбасы топтоло элек жаш адистерге;
- Мугалимдик кызматка которулган адистерге аткарган кызмат милдеттерине байланыштуу окутуу усулдары боюнча кесиптик иш билгиликтерин тереңдетүү талап кылынса;
- Билим берүү мекемелеринде педагогикалык эмгек тажрыйбасы жок, педагогикалык эмес окуу жайларды бүтүргөндөргө;
- Педагогикалык адистиктер \боюнча сырттан/дистанциялык жол менен окуп жаткан стунденттерге;

**Насаатчы –** бул сабак жана окутуу усулу жаатында мыкты кесиптик жана инсандык сапаттарга ээ болгон педагог.

**1.2. Насаатчылык –** жаш адистин педагогикалык ишмердиги үчүн зарыл иш билгиликтерин өнүктүрүү боюнча насаатчынын тутумдуу, жекече иш жүргүзүшү.

**1.3.Насатчылыктын укуктук негизи** болуп Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ушул жобосу, башка мыйзам жана ченем актылары саналат.

## Насаатчылыктын максаттары жана милдеттери.

**2.1. Насаатчылыктын максаты** – жаш адистерге кесиптик такшалуу жагынан көмөк көрсөтүү аркылуу мектептин кадрлар маселесин чечүүгө өбөлгө түзүү.

**2.2. Насаатчылыктын негизги милдеттери:**

- Мектеп маданиятына көнүктүрүү, мектеп жамаатынын мыкты салттарын жана адеп чеемдерин өздөштүрүүгө көмөктөшүү;
- Жаш адистердин педагогикалык ишке дилгирлигин ойготуу жана аларды мектепте алып калуу;
- Жаш адистин кесиптик өнсүшүн камсыздоо, тапшырылган милдеттери өз алдынча сапаттуу аткаруу жөндөмүн өнүктүрүү;

**Насаатчы мугалимдер жөнүндө маалымат**

| № | Мугалимдин аты-жөнү | Туулган жылы | Кызматы | Эмгек стажы | Бүткөн окуу жайы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мамбетов Талайбек Керимбекович | 23.12.1968 | Тарых мугалими | 25 | КГНУ |
| 2 | Абирова Алтынкул Алсеитовна | 08.04.1967 | Математика мугалими | 32 | Кыргыз Кыз келиндер ПИ |
| 3 | Муканбетова Динар | 12.11.1962 | Биология мугалими | 29,1 | Кыргыз Кыз келиндер ПИ |
| 4 | Джумабекова Кулжан | 23.06.1952 | Орус тили жана адабияты мугалими | 43 | ОПИ |